Ырым-жырым – бул таза диндин негиздерине төп келбеген, ар кандай жолдор менен динге кирип, диний ишеним сыяктуу көрүнгө н иштердин жана түшүнүктөрдүн жыйындысы. Буларды ислам динине таңуулоого мүмкүн эмес. Диндердин тарыхына назар салганыбызда, ар бир доордо мындай жаңылыш түшүнүктөр, иш-аракеттер адамзат коомчулугунун ортоктош көйгөйү болуп, дайыма жандуулугун сактап келгендигин байкай алабыз. Учурунда мына ушундай көптөгөн ырым-жырымдар пайда болуп, алардын ислам динине таңууланып келгендиги да ачуу чындык. Кийинчерээк талаа изилдөөсүнүн негизинде, Саул Абрамзон [1,] дагы кыргыздарда ислам байыркы мезгилдин ырым-жырымдары, үрп-адаттары менен сыйышып жашоосун улантып келе жаткандыгын белгилеген.

Дээрлик бүтүндөй бир кылым бою Борбордук Азиянын мусулмандары динге ишенүүнүн мыйзамдуулугун активдүү түрдө танган жана диний институттарды жок кылууга аракет кылган советтик саясий системанын башкаруусу астында болушкан. Калк советтик өлкөнүн расмий - илимий атеизмин үйрөнүүгө аргасыз болушкан. Мусулмандардын ыйык жерлери жоготулган, мазарлардын кыштары (кирпич), айталы, кинотеатрлар сыяктуу кадыресе имараттарды курууга пайдаланылган. Суфий институттарына тыюу салынган, жыйынтыгында пир менен муриддин (устат менен шакирттин), кылымдар бою сакталган салттарынын түйүнү үзүлгөн. Көптөгөн адамдар өздөрүнүн мансабы үчүн же жетекчиликтин жаман мамилесинен коркуп, мечиттерге же ыйык жерлерге барбай калышкан. Көпчүлүк ата-энелер өздөрүнүн балдарын куугунтуктоолордон оолактатыш үчүн намазга, батага үйрөтпөй калышкан. Кайра куруу доору жана 1991-жылдагы Советтер Союзунун кыйрашы Борбордук Азиянын мусулмандарына өздөрүнүн мусулмандык өткөнүн калыбына келтирүүгө жана анын үстүндө кайрадан ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берди.

Бирок өткөндү калыбына келтирүү эң эле татаал. Борбордук Азиянын мусулмандарынын өдөрүнүн иденттүүлүгүн, өзүн-өзү таануусун калыбына келтирүү өз алдынча жүзөгө ашпайт. Өлкөнүн ичинен дагы, тышынан дагы көптөгөн үндөр дал өздөрүнүн советтик учурда кыйраган – чыныгы исламдын өкүлдөрү экендигин айтышат. Салафиттер, ваххабиттер, талибдер, пакистандык нахшпандия сыяктуу ар түрдүү диний багыттардын улантуучулары Борбордук Азиядагы – чыныгы ислам жөнүндөгү өздөрүнүң пикирлерин интеграциялоого аракеттенишүүдө. Алардын көпчүлүгү исламдын формалдуу легалдуу тараптарына басым коюшат жана өлкөбүздүн көптөгөн жашоочулары үчүн негизги мусулман салттарынын араб булактарынын билермандарыныкы деп кабылдаган ишениминен улам өзгөчө барктуу угулат.

Муну менен бир эле мезгилде аймактын ичинде маанилүү багажга ээ – фарсы жана чагатай тилдеринде тексттерди, мазарларда аткарылган ырым-жырымдарды, элдик поэзияны, ырларды жана дастандарды билген - өздөрүн Борбордук Азиялык – чыныгы жана легитимдүү ислам салттарынын алып жүрүүчүлөрү эсептеген адамдар бар. Мезгил-мезгилимененбул үндөр бири-бири менен кагылышып турушат. Бул өзгөчө мазарларгабайланыштуу, анткени жаңы пайда болгон үндөрдүн айрымдары мазарларгакаттоо же жок эле дегенде зыяратка байланыштуу аткарылган айрым ырым-жырымдар легалдуу ислам салттарынан тышкары нерсе деп таңуулашат.

«Элдик ислам» деген аныктама батыш илимдеринде эбак эле пайда болгон, бүгүнкү күндө батышта улам барган сайын everyday islam [2,75-б.] – күнүмдүк тажрыйбадагы ислам аныктамасы кенен колдонулууда. Биздин байкоолорубуз боюнча ыйык жерлерге зыярат кылуу, курмандык чалуу сыяктуу ырым-жырымдар элибизде мусулман дининин ажырагыс бөлүгү болуп саналаарын ачык-айкын көрсөтүшөт. Ислам кыргыздардын негизги дини экендиги байыркы зыярат салтынын жактоочуларынын дагы, каршылаштарынын дагы талашын туудурбайт. Бул басымдуу көпчүлүк үчүн шексиз нерсе.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинде жашап келе жаткан туура эмес каада-салттар менен күрөшүүдө түздөн түз ислам динин пайдалануу мезгил талабы болуп эсептелет. Кыргыз элиндеги туура эмес каада-салттарды, айрыкча аша-чабуучулук, ысырапкорчулукту жоюуда муфтияттын, имам, молдолордун таасири чоң. Ислам жөнүндөгү туура түшүнүктөрдү элге жеткирүүдө илимий чөй-

рө да тынымсыз иштөөсү зарыл. Учурда диний багытта реформаларды жүргүзүү бүгүнкү күндүн талабы болууда. Андай болгондо биз кыска мөөнөттө көп ийгиликтерге жетээрибизге ишеним бар.

**Адабияттар:**

1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. / Котор. С. Мамбеталиев, Д.Сулайманкулов, С.Макенов. – Б., «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999.
2. Алимова К.Т. Кыргыз элиндеги мусулман салттары жана майрамдары. // Известия вузов Кыргызстана № 3, – 2016.
3. Бартольд В.В. Киргизы. Исторический очерк //Соч. Т.2, Ч.1. – М.: Наука, 1963
4. Валиханов Ч. Собрание сочинений в пяти томах. Том 1–2. – Алма-Ата: Главная редакция Казахской советской энциклопедии, 1984–1985.
5. Куран / Котор. Э. Турсунов. – Б.: Кыргызстан, 1991.
6. Кожобеков М. Кыргыз каганатынын тарыхы. – Б., 2013.
7. Митько О.А. Обряд трупосожжения у Энесайских кыргызов. – Кемерово, 1994.
8. Настольная книга атеиста. – М.: Издательство политической литературы, 1987.
9. Тойнби А. Религии мира. Т. V I. Часть I. – М., 2001.
10. Усупова Ч.С. Социально-исторические факторы распространения ислама в Киргизии // Ислам в истории Кыргызской государственности. – Б., 2003.

УДК:392.31

**Сулайманов Эртабылды Жолдошевич**
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,
тарых илимдеринин кандитаты, профессор.
**Исаков Болотбек Мухтарович**
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети

## ИСЛАМДА ТУУГАНДЫК МАМИЛЕЛЕРДИН (СЫЛЬЯТУЛ-АРХАМ) КОЛДООГО АЛЫНУУСУ ЖАНА САКТАЛУУСУ

## ПОДДЕРЖАНИЕ И СОХРАНЕНИЕ РОДСТВЕННЫХ ОТНОШЕНИЙ (СЫЛЬЯТУЛ-АРХАМ) В ИСЛАМЕ

## MAINTENANCE AND PRESERVATION OF KINSHIP RELATIONS (SYLYATUL-ARHAM) IN ISLAM

**Аннотация.** Туугандар жана туугандык мамиле жөнүндөгү концепция бардык коомдордо чоң мааниге ээ болуп келет. Туугандык - биринчи орунда биологиялык келип чыгуусунун негизинде түзүлүүчү адамдар ортосундагы мамиле болуп эсептелет. Туугандар бир дарактын бутактары бир бактын мөмөлөрү, алар кандаш туугандык байланыш аркылуу бири-бири менен мамиледе болушат. Тарыхчы жана этнограф үчүн элдин тарыхын, коомдун социалдык институттарын, алардын ичинде туугандык системасын окуп үйрөнүү өтө маанилүү. Бул маселеде, туугандык системасы – өзүнчө бир ачкыч, бул ачкыч аркылуу биз белгилүү бир элдин тарыхы жөнүндө өтө маанилүү маалыматтарды алабыз. Макалада, ислам динindeги адамдын жаралышы, Адам атадан тараган жалпы адамзат, алардын өзгөчөлүктөрү, алардагы кулк-мүнөз, жүрүм-турум, адеп-ахлак маселесиндеги окшоштуктар, айырмачылыктар, өзгөчөлүктөр жөнүндө айтылат. Ал эми макаланын өзөгү катарында туугандык мамилелер алардын ислам динindeги берилиши жана ошондой эле этнология илиминдеги бул маселенин аталышына, аныктамасына, келип чыгуусуна, бүгүнкү күндөгү классификациялануусуна байланыштуу маалыматтар берилди. Темада көрсөтүлгөн “сыльятул-архам” – туугандык

мамилелердин ислам дининдеги колдоого алынуусу жана сакталуусу маселеси изилденди.

**Негизги сөздөр**: туугандык системасы, туугандык мамилелер, сыльятул-архам түшүнүгү, ислам.

**Аннотация.** Концепция родства и родственных отношений имеет большое значение во всех обществах. Родство – это прежде всего отношения между людьми, которые формируются на основе их биологического происхождения. Родственники ветви одного дерева – это плоды одного дерева, которые связаны друг с другом кровными родственными узами. Для историка и этнографа очень важно изучать историю народа, социальные институты общества, в том числе систему родства. В этом вопросе система родства – это ключ, с помощью которого мы получаем очень важную информацию об истории конкретного народа. В статье рассказывается о происхождении человека в исламе, об общем человечестве, которое происходит от Адама, об их особенностях, о сходствах, различиях, особенностях в вопросах характера, поведения, морали в них. А в качестве основы статьи были приведены сведения о родственных отношениях в связи с их представлением в исламе, а также с названием, определением, происхождением, современной классификацией этого вопроса в этнологической науке. Рассмотрено понятие “сыльятул-архам” – вопрос, связанный с поддержанием и сохранением родственных отношений в исламе.

**Ключевые слова:** система родства, родственные отношения, понятие “сыльятул-архам”, ислам.

**Abstract.** The concept of kinship and kinship relations is of great importance in all societies. Kinship is primarily a relationship between people that is formed based on their biological origin. The relatives of a branch of the same tree are the fruits of the same tree that are related to each other by blood ties. It is very important for a historian and an ethnographer to study the history of the people, the social institutions of society, including the kinship system. In this matter, the kinship system is the key through which we get very important information about the history of a particular people. The article tells about the origin of man in Islam, about the common humanity that descends from Adam, about their features, about similarities, differences, peculiarities in matters of character, behavior, and morality in them. The article was based on information about kinship relations in connection with their representation in Islam, as well as the name, definition, origin, and modern classification of this issue in ethnological science. The concept of “siyatul-arham” is considered, which is an issue related to the maintenance and preservation of kinship relations in Islam.

**Keywords:** kinship system, kinship relations, the concept of “сыльятул-архам», Islam.

Ислам дининде айтылгандай, Абу Хурайра (р.а.) Аллахтын Элчиси (с.а.в.) мындай дегенин кабарлайт: “(Бир жолу) Аллахтын Элчиси (с.а.в.) менин колумдан алды да минтип айтты: “Аллах Жерди ишемби күнү жаратып, анын үстүндөгү тоолорду жекшемби күнү жаратткан; Аллах дарактарды дүйшөмбү күнү жаратып, баардык жамандыктарды Ал шейшемби күнү жаратткан; Аллах шаршемби күнү нурду жаратып, жан-жаныбарларды (баарын) болсо Ал бейшемби күнү (жаратып, Жер бетине) тараткан; Аллах Адам (а.с.) ды жума күнү аср маалында жаратткан жана (ошентип) Адам (а.с.) аср менен түн киргенге чейинки (жаратылган) эң акыркы макулук болуп калган”(Муслим). Мында биз байкагандай адам баласы жаратылган жандыктардын ичинен эн соңкусу жана маалыматтарда айтылгандай жаратылган баардык заттардын адамга кызмат кылуусу көрсөтүлгөн.

Абу Муса ал-Аш’ари (р.а.) нун сөзүнө таянуу менен имам Ахмад бин Ханбал (рахм.а.) Мухаммад (с.а.в.) пайгамбарыбыздын мындай дегенин кабарлайт: “Аллах Таала Адам (а.с.) ды бүткүл Жер жүзүнүн чар тарабынан алынган бир ууч топурактан жаратткан. Ошондуктан Адамдын балдары ушуга дал келет: алардын айрымдары(нын түсү) ак, кээ бирлери(нин ирeңи) — кызыл, үчүнчүлөрүнүкү — кара, төртүнчүлөрү болсо — аралаш түстүү болушат. Алардын айрымдары жумшак, башкалары катуу, үчүнчүлөрү — орточо. Алардын кээ бирөөлөрү жаман (мүнөздүү), башкалары — жакшы (ахлактуу), үчүнчүлөрү болсо — орточо”. Бул саптардан биз көрүп тургандай адамдар ар түрдүү расадагы, улуттар өкүлдөрү иретинде ошондой эле ар түрдүү кулк-мүнөздө, адеп-ахлакта кездешээрин билебиз.

Ислам көз карашынан алганда, адам ба-

ласы жаратылган жандыктардын ичинен эн жакшысы, жаратуучулуктун туу чокусу, "биз адамды өтө сулуу жүздүү кылып жараттык"-деп айтылат"[1,52]. Бул саптарда белгилүү болгондой адам баласынын жаратылышы жараткан тарабынан өтө чон мээрим менен ишке ашып, адамзат жаратканга аларды жараткандыгы үчүн, аларга жер бетиндеги жакшылыктардан пайдаланууга мүмкүнчүлүк бергендиги үчүн чексиз ыраазы болуусу жана колдон келишинче жакындоого умтулуусу зарыл экендиги көрсөтүлгөн.

Адам баласынын жаратканга жакындоосунун, сыйынууларынын бири бул "сыльятул-архам" туугандык байланыштарды колго алуу болуп эсептелет. Адамзатка эки дүйнө бактылуулукту жана Алланын ыраазычылыгын, берекесин алып келүүчү милдеттеринин бири бул - ар дайым өз туугандарына жана башкаларга жылуу мамиледе болуу. Туугандар бир дарактын бутактары бир бактын мөмөлөрү, кудай берген кандаш туугандык байланыш аркылуу бири-бири менен мамиледе болушат. Албетте, туугандык мамиле же болбосо достук мамиле бир эле туугандар ортосунда эмес баардык адамзат мамилесинде эң жакшы абалда сакталуусу зарыл. Адам атадан тараган бүтүндөй жер бетиндеги адамзат баары бирдей бири-бирине туугандык мамиледе болуусу же болбосо бүгүнкү күндөгү актуалдуу аталышта берилгендей гумандуу (humanitas)-адамкерчиликтүү мамиледе болуусу максатка ылайыктуу. Бул маселени биз ислам булактарындагы маалыматтардан төмөнкүдөй абалда кездештиребиз: Ислам пайгамбары Азирети Мухаммед (с.а.в.) өмүр бою кара кылды как жарган калыстыгынан тайган эмес. Ал өмүрүнүн соңку учурларында мындай деген: «Эй инсандар! Ушуну жакшы билгиле, кудайыңар бир, атаңар бир. Арабдын араб эместен, араб эместин арабдан, ак терилүүнүн карага, кара терилүүнүн акка үстөмдүгү жок»[2,411]. Демек, адам баласы тегине, расасына, улутуна, уруусуна, үй-бүлөсүнө, социалдык абалына, тилине ж.б. карабай бирдей. "Жараткан Алла өзү аль-Аадил" [3,54-55,69,47] болгондуктан, пенделерине да адилеттүү болууну буюрган.

«Чындыгында Алла адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана тууган-урукка кайрымдуу болууну буюруп, уятсыздыктан, каапырлыктан жана чектен ашуудан тыят. Алла силерге (ушундайча) насыят берет. Балким түшүнөрсүңөр»[4,83]. Бул жерде сиздер байкагандай ислам done тууган-тууган эмесине, бай-кедейине, тектүү-тексизине карабай адилеттүү жакшы мамиледе болуу керек экендиги жөнүндө сөз болууда.

Куранда тууган-туушкандар менен болгон байланыш тууралуу көптөгөн аяттар бар. Алар менен жылуу мамиледе болуу Исламдын адаттагы эрежеси. Бул «сила-и рахим» деп аталат. Бул багытта Куран аяттарынын айрымдары төмөнкүчө, мисал катары айтсак, Ар-Рад (13-сүрө, Чагылган) сүрөсүнүн 21-аятында «Алар Алла бириктирүүнү буйруганды бириктиришет (туугандар менен болгон мамилени бекемдешет). Эгесинен коркушуп, сурактын жаман өңүттө болорунан кооптонушат»[5,21]-деп берилет. Ал эми туугандык мамилелерди сыйлабагандар жана өз туугандарына жакшы эмес мамиледе болгондор, жана натыйжада алардын эмнеге жолугаары жөнүндө, Бакара (2-сүрө Уй) сүрөсүнүн 27-аятында мындайча айтылат: «Аллага берген сөздөн кайткандар, Алла бириктирүүнү каалаган туугандык мамилени үзгөндөр жана жер бетинде бузукулук чыгаргандар – зыянга учуроочулар» (6,27). Ошондой эле Ар-Рад сүрөсүнүн 25-аятында айтылгандай: «Алла менен келишим бекемделген соң аны бузгандарга, Алла бириктирүүгө буйруганды үзгөндөргө, жер жүзүндө бузукулук кылгандарга наалат болсун! Алар үчүн жаман жай даярдалган»(7,25)-деген саптардан биз байкагандай туугандык мамилени сактоо, колдоого алуу маселеси кабыргасынан коюлган. Мындан башка ишенимдүү, маанилүү Кудсий хадистердин бири болгон Имам аль-Бухаринин хадистеринде айтылгандай, Аллах айтат: «Ким туугандары менен болгон мамилесин үзбөсө, Мен да аны менен болгон байланышымды үзбөйм. Ал эми ким туугандык мамилесин үзсө, Мен да аны менен болгон байланышымды үзөм» [8,13].

Ал эми Рум (30-сүрө, Римдиктер) сүрөсүнүн 38-аятында берилген саптарга көңүл бурсак, Алла таала айтты, «Тууганыңа ошондой эле жолоочуга, кедейге акысын бер. Бул Алланын жүзүн көрүүгө умтулгандар үчүн эн жакшы, Ошолор гана эки дүйнөдө көп нерсеге жетишкендер катарына киришет»[9,13].

Сиздер бул жерде байкагандай, исламда туугандык мамилелердин зарылчылыгы, байланышты сактоо, көңүл буруу маселелери көптөгөн аяттарда кездешет. Мындан башка туугандардын жакындыгы кимдер өтө жакын туугандарга кирет жана кимдер алысыраак туугандар болуусу жөнүндө да маалыматтар кездешет. Мисалы туугандардын эн жакындары ата-эне, чон ата-чон эне, балдарыбыз, неберелер жана чеберелер. Андан кийин жакындыгы боюнча башка туугандар келишет: бир тууган ага-ини жана эже-синдилер алардын балдары, андан кийин ата линиясы боюнча туугандар алардын балдары, эне линиясы боюнча – тайлар алардын балдары. Мына ушул туугандык байланыштарынын жакындыгы жөнүндө Аль-Анфаль (8-сүрө Олжо) сүрөсүнүн 75-аятында Алла тааланын айткандары берилет: «Ошентсе да, туугандар бири-бирине Алланын буйругу менен жакындыкта" [10,75].

Жогоруда айтылгандардын баары ислам дининдеги туугандык мамилелерге, байланыштарга тиешелүү маалыматтар болду. Ал эми туугандык системасы, туугандык терминдердин келип чыгуусу, туугандык байланыштар, алардын классификациялануусу илимий чөйрөдө, өзгөчө этнографиялык илимде төмөнкүдөй аныкталат: "Этнографиялык адабиятта туугандык түзүмү түшүнүгү астында, демейде, туугандык мамилелерди атоо үчүн колдонулган терминдердин топтомун түшүнүү кабыл алынган" [11, с. 16—19]. Бул сөздөрдүн маани манызына көңүл бура турган болсок, демек, "Туугандык системасы, үй-бүлөлүк-туугандык коллективдеги жана коомдогу реалдуу мамилелерди чагылдырат, ал туугандык байланыш менен байланышкан туугандар арасындагы индивиддин статусун аныктайт, кээде, башка факторлордун таасиринде индивиддин башкаларга карата мамилесин же тескерисинче башкалардын индивидке карата мамилесин аныктайт. Бул, "туугандык системасын", өткөн доорлордогу социалдык институттардын социалдык уюштуруусун жана өз функциясын аткаруусун изилдөөдө баалуу булакка айландырат. Тарыхтын байыркы мезгилдерин изилдөөнү улам терендетип өздөштүргөн сайын бул булактын мааниси жогорулап өсүп отурат, себеби, терминдер өз кезегинде лексикадагы өзгөчө консервативдүү бөлүк катарында, алардын морфологиялык түзүмүндө, ошондой эле туугандык терминдердин өзүндөгү классификациялык принциптеринде көп учурда эски үй-бүлөлүк, никелик мамилелердин аталыштары сакталгандыктан маанилүү булак боло алат"[12,5].

Туугандык түзүмдү изилдөөгө мындан жүз жылдан ашуун мурда башат койгон окумуштуу бул албетте, атактуу америкалык этнограф Л.Г.Морган болуп эсептелет. Моргандын жер шарынын төрт тарабынан чогулткан өтө зор эмгектеринде, биринчи жолу, туугандык түзүмүнүн типологиясы иштелип чыккан жана алардын тарыхый шарттуулугу жөнүндөгү ой негизделген. Бардык туугандык түзүмдөрдү Морган, классификациялык (классификациялык эки варианттa, малай жана туран-ганновандык), Түндүк Американын, Океаниянын аралдарындагы жана Азиянын көпчүлүк аймактарындагы жергиликтүү элдерде жайылган, жана сүрөттөөчү (описательные), арий, семит жана урал элдерине мүнөздүү деп бөлгөн.

Көптөгөн этнографиялык материалдар тастыктагандай, "туугандык" биологиялык түшүнүктөгү эмес, социалдык түшүнүктөгү тарыхый кубулуш болуп эсептелет, андан да тагыраак айтканда, тарыхый-этникалык болуп эсептелет.

Туугандык - биринчи орунда биологиялык келип чыгуусунун негизинде түзүлүүчү адамдар ортосундагы мамиле болуп эсептелет. Адамдар ортосундагы туугандыкты билүү адамзатты жаныбарлардан айырмалаган негизги белгилердин бири. Туугандык жөнүндө түшүнүү адам коомунун маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Туугандар жалпы бир атадан таркагандар башкача айтканда ата-энелер жана балдар. Туугандардын жалпылыгы үй-бүлө деп аталат. Туугандар жана туугандык мамиле жөнүндөгү түшүнүк бардык коомдордо чон мааниге ээ болуп келет. Байыркы доордо социалдык байланыштардын башка типтери өнүгө элек мезгилде, (мисалы, кесиптик, таптык, конфессиялык ж.б.) туугандык мамиле коомдук жашоонун негизи болуп, адамдын жашоосун толугу менен аныктаган. Уруулук жамаат, уруу, топ түшүнүктөрүнүн калыптануусу адамдардын түшүнүгүндө көп учурда уламышка айланган атадан башат алып бир атадан тарагандардын баары кандаш туугандар катары кабыл

алынган. Байыркы доордогу коомдо, адамдын бирден-бир эн маанилүү мүнөздөмөсү катары ал адамдын белгилүү бир урууга, урукка, топко тиешелүүлүгү болгон. Мына ушул негизде этникалык топтор, этностор түзүлгөн, калыптанган. Келип чыгуусу, тамыры бир экендиги жөнүндөгү түшүнүк, бизге белгилүү болгондой этносту калыптандыруучу факторлордун бири катары эсептелет. Үй-бүлө топтон, уруктан, уруудан адамдардын кандаш туугандык же никелик (биологиялык) туугандыгы менен айырмаланып түзүлөт. Үй-бүлө нуклеардык жана кенири чонойгон (расширенный) үй бүлө катары кездешет. "Нуклеардык үй-бүлө" - бул учурдагы батышчыл көз караш боюнча ата-энелердин жана алардын балдарынын чогуу жашоосу. "Кенири же жайылган чон үй-бүлө" (расширенный) татаал үй-бүлө мында бир нече муундагы жубайлардын жана алардын балдарынын жашоосу түшүнүгү кабыл алынган, жана бул үй-бүлөлөр чогуу жашаган эмес. Алар жалпы бир атадан тараган болуп, бири-бири менен туугандык даражасын орнотууга жөндөмдүү болушкан, ошол эле учурда алардын ичинен жакын туугандар бөлүнүп чыккан. Чон кенири үй-бүлөдө жакын тууганлардын никеге туруусуна чектөө киргизилген, көзү өткөн ата-энелердин мүлктөрүнө мураска ээ болуу укугу орнотулган. Мындай үй-бүлө индустриалдык мезгилге чейинки адамдардын жашоосунда өтө чон мааниге ээ болгон.

Традициялуу коомдо туугандык байланыштар адамдын башка адамдар менен болгон мамилесин калыптандырат жана тескейт. Адам баласы социалдашуусу жана коомдун мүчөсү болуусу үчүн, белгилүү бир топко, урукка же урууга тиешелүү болушу керек. Ал эми мындай коллективдин мүчөсү болуш үчүн ошол топто төрөлүүсү керек болгон. Ошондуктан көптөгөн тарыхый традициялуу коомдордо сырттан келип калган адамдарды "асырап алуу" же "кандаш ага-ини" катары кабыл алуу жөрөлгөсү кабыл алынган эле. Алар коомго, топко, урууга туугандарга тиешелүү уктардын негизинде киришкен. Мындай кабыл алуулар өзгөчө салт-санаа менен ишке ашкан. Морган боюнча ирокездерде жат адамды ошондой эле душмандардан колго түшкөндөрдү асырап алуу кабыл алынган. Кабыл алуу учурунда жат адам душман катары "көз жумган" да, кайра ирокез катары "төрөлгөн". Натыйжада ал толук кандуу ирокезге айланып бардык уруу мүчөлөрү катары укук жана милдеттерге ээ болгон. Асырап алууда чектөө болгон эмес, мисалы, жада калса, Моргандын өзүн да ирокез уруусунун Кыргый уругу асырап алгандыгы бизге маалым. Ушундай түрдөгү салт-санаалар көптөгөн элдерде жашап келген. Себеби ар бир коом принципиалдуу түрдө кандаш туугандыкка негизделген болуп, туугандар гана толук кандуу жамаат мүчөсү боло алган. Ал эми биз жогорудагы маалыматтардан байкагандай, тууганлык (родство) символикалык же элестүү түрүндө (воображаемое) болушу да мүмкүн болгон. Асырап алуу кеңири жайылган, бирок эч кандай таасирлүү мааниге ээ болгон эмес, бул деген, асыралып алынган адам деле жамаат мүчөлөрү ээ болгон укук-милдеттердин баарына ээ болуу менен кошулуп алынгандыгы менен түшүндүрүлөт. Учурдагы дүйнөлүк постиндустриалдык коомдо тууганлык байланыштар экинчи орунга өтүп калгандыгы маалым, ошентсе да, мурдагыдай эле, коомдун өзөгү катары үй-бүлө каралып, бул жерде албетте нуклеардык үй-бүлө жөнүндө айтылат. Дүйнө коомчулугунун кээ бирлеринде, нуклеардык үй-бүлөгө басымдуу ата-энелердин ата-энелери (чоң ата, чоң эне) же балдардын балдары (неберелер), кээ бир учурларда гана жалгыз бой эжелер (абжелер, апалар, тетя), агалар (акелер, абалар, дядя) киргендиги белгилүү. Нуклеардык үй-бүлөгө тиешелүүлүктүн негизги шарты чогуу жашоо болуп эсептелет. Ал арада кеңири жайылган, чоң үй-бүлө өзүнүн маанилүүлүгүн постиндустриалдык коомдо деле сактап келет, бул өзгөчө мураска болгон маселеде байкалат. Коомчулукта тууганлардын баары чогулган өзгөчө орундагы ритуалдар, үрп-адат, каада-салттар (той-тамаша, өлүк көмүү ж.б.) бар. Алардын ичинен кээ бир каада-салттар аталган себептерде гана уюштурулат. Ошентсе да, ирокездердегидей асырап алынгандар чыныгы биологиялык тууганлардын уктары менен теңдештирилген. Ошентип, биздин аныктообуз боюнча тууганлык түшүнүгүн аныктоого кошумча көз караштьы толуктап кетсек болот: *туугандар – бул социалдык өңүттө кабыл алынган реалдуу же элестеги кандаш тууганлык же никелик байланыштар.* Тарыхчы жана этнограф үчүн элдин тарыхын, коомдун социалдык

институттарын, алардын ичинде тууган-дык системасын окуп үйрөнүү өтө маанилүү. Туугандык системасы негизи системаны жа-раткан социалдык институттарга караганда бир топ консервативдүү. Ошондуктан, ти-гил же бул элдеги туугандык системасы көп учурда өткөн мезгилдеги тарыхый доордогу мамилелерди чагылдырат деп айтсак болот. Элдин тарыхый барактарындагы мына ушул социалдык уюштуруусун окуп үйрөнүү ме-нен биз тарыхый туугандык байланыштар менен бүгүнкү айырмачылыктарын анык-тайбыз. Туугандык системасы – өзүнчө бир ачкыч, бул ачкыч аркылуу биз белгилүү бир элдин тарыхы жөнүндө өтө маанилүү маалы-маттарды алабыз. Эгерде ушул ачкычты кол-го кийирсек анда биз элдик тарыхтагы бир топ сырларды ачканга мүмкүнчүлүк жарал-мак[15].

Жыйынтыгында айта турган сөз, туу-гандык мамилелерди колдоого алуу аларды сактоо, улантуу ислам динибизде да, үрп-адаттарыбызда да, коомдук тартип, мыйзам, укук-нормаларыбызда да берилип, алардын ар тараптуу жайылтылуусу учур талабы бо-луп, актуалдуу маселелердин бири катары эсептелет. Биздеги болгон жылуу мамиле сөзсүз түрдө андан ары жылуулук жаратуусу жана эн аягында өзүбүзгө жылуу бойдон кай-туусу биздин колубузда. Биз бүтүндөй коом мүчөлөрү тынчтыкта, ынтымакта түрдүү улуттун, түрдүү диний конфессиянын өкүл-дөрү, өзгөчөлүктөрүбүзгө карабай чогуу жа-шообуз учур талабы. Жакын адамдарга, туу-гандарга айлана чөйрөдөгү биздин коомдош, замандаштарга, алардын айырмачылыкта-рына карабастан, бирдей жакшы мамиледе болуу ар бирибизден башталат.

**Адабияттар:**


1. Кутбаддин бин Хасан Бейхаки. Диван Имама Али/ пер.доктора Абуль Касима Имама. – Тегеран. 1994 с.52
2. Ибн Ханбал, V, 411
3. Юнус сүрөсү, 54-55; Зумар сүрөсү, 69; Анбия сүрөсү, 47
4. «Сунан Абу Дауд» (Абу́ Дау́д Сулейма́н ибн аль-А́ш'ас ас-Сиджиста́ни). Хадис № 83
5. Раад сүрөсү, 21
6. Бакара сүрөсү, 27
7. Раад сүрөсү, 25
8. Хадис Имам аль-Бухари, Адаб 13
9. Рум сүрөсү, 38
10. Аль-Анфаль,75
11. Крюков М.В. Система родства китайцев. (Эволюция и закономерности) М., 1972, с. 16-19.
12. Бикбулатов Н.В. Башкирская система родства.— М. : Наука, 1981. — стр5.
13. «Лига ходеносяуни, или ирокезов/ пер. с английского Бломквист Е.Э.- М.: Главная редакция восточной литературы издательство «Наука», 1983.
14. Файнберг Л.А., Л.Г. Морган / «Философский-энциклопедический словарь. М.,1983.
15. https://profilib.org/chtenie/63834/mikhail-kryukov-drevnie-kitaytsy-problemy-etnogeneza-64.php